**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Ар бир кесип ардактуу*

*Грамматикалык материал: -чы мүчөсү*

*Класс: 5 б*

**Болотканова Чынара Жаныбековна**

*2019-2020- окуу жылы*

**5- Б класс.Кыргыз тили.**

**Өткөрүүчү күнү: 20 ноябрь 2019-жылы.**

Мугалим: **Болотканова Ч.Ж.**

Сабактын кептик темасы: **Ар бир кесип ардактуу.**

Грамматика: **Кесипти билдирүүчү –чы мүчөсү**.

| **Сабактын максаты:**<br>Тилдик:” Ар бир кесип ардактуу ”текстиндеги жаңы лексиканы өздөштүрүшөт.Кесипти билдирүүчү –чы мүчөсүн туура улаганга үйрөнүшөт.Таяныч үлгүлөрдү колдонуп,ой жүгүртүү көндүмдөрү өнүгөт.<br>Кептик: Ар түрдүү кесиптер жөнүндө сүйлөшүшөт.<br>Текстти окуп,түшүнүп,суроолорго жооп беришет. Кептик үлгүлөр боюнча иштешет.Жазуу сабаттуулугу артат.<br>Социо-маданий: Келечектеги кесибин тандоого багыт алышат.Топтордо,жуптарда бири-бири менен сылык мамиле түзүүгө көнүгүшөт. | **Көрсөткүчтөрү:**<br><br>Окуучулар жаңы лексиканы тшүнүшөт.<br>Аларды колдонуп сүйлөм түзө алышат.<br>Тектти окуп ,анын маанисин түшүнүшөт.<br>Текст боюнча суроолорго жооп бере алышат.<br>Сүйлөмдөрдөгү калтырылып кеткен сөздөрдү мааниси боюнча туура жайгаштыра алышат.<br>Азыркы учурда кайсы кесиптер эң керектүү экенин түшүнүшөт. |
|---|---|
| **Сабактын жабдылышы:** Слайд,суроолор жазылган карточкалар,проектор,ноутбук,ватман,маркер ж.б. | |
| **Сабактын ыкмасы:** Аңгемелешүү | |
| **Сабактын тиби:** Билимин жана билгичтиктерин калыптандыруу сабагы | |
| **Сабактын жүрүшү:** А**)**Уюштуруу мезгили<br>Класста жагымдуу маанай түзүү.<br>Баалоо критерийлери менен тааныштыруу.<br>Б) Үй тапшырмасын текшерүү 57 беттеги 9- көнүгүү<br>В) Жаңы сабак : | Окуучулар мугалимдин суроолоруна жооп беришет.<br><br>Баалоо критерийлери менен таанышышат.<br><br>Үй тапшырмасын айтып беришет. |
| **Жаңы сабак:** Балдар,слайдга көңүлүңөрдү бургула.Слайддан кимдерди көрдүңөр?<br>Туура, ар кандай кесиптеги адамдарды ээ?<br>Бүгүнкү сабагыбыздын темасы кандай болот деп ойлойсуңар? | Слайдды карап жаңы сабак эмне жөнүндө болорун божомолдошот. |
| **Бүгүнкү сабагыбыздын темасы: Ар бир кесип ардактуу.**<br>**Кесипти билдирүүчү –чы мүчөсү.** | |

**Сабагыбыздын максаты:** Ар кандай кесиптер жөнүндө сүйлөшөбүз.
“ Эң ардактуу кесип ”деген текстти окуп,түшүнөбүз.Суроолорго жооп беребиз.Текстти пайдаланып таблицаны толтурабыз.Ошондой эле азыркы убакта Кыргызстанга эң керектүү кесиптерди аныктайбыз.

**Мугалимдин ишмердүүлүгү:** | **окуучулардын ишмердүүлүгү:**

**1.Балдар,кыргыз тилинде кесипти билдирүүчү сөздөр кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалчу эле?**

**-чы мүчөсүнүн жардамы менен**

**Мисал келтиргилечи:**

**Слайддагы сүрөттөрдү карап жооп беришет**
**М: Куруу+чы= куруучу**
**Тигүү+чы=тигүүчү**
**Башкаруу+чы=башкаруучу**

**Короо шыпыруу+чы= короо**

**шыпыруучу**

**Дептерлерине жаздыруу жана ушу сөздөр менен оозеки сүйлөм түздүрүү.**

**2.Кимге кайсы кесип жагат? жөнүнд**
**Сүйлөшкүлө.**
**Кеп үлгүлөрүн пайдалангыла ( слайд)**
**Класс менен бөлүшкүлө .**

**Жуптарда жаккан кесиптери жөнүндө сүйлөшүшөт.**

**3. Жаңы сөздөр менен иштөө:**
**Окуп,которуп,кээ бирлери менен сүйлөм түздүрүү.**

**4. 11- көнүгүү.**
**Тектти окутуп,ар бир топко суроолор жазылган карточка берилет.( Даярданууга 5 минут берилет)**
**Ар бир топ кеңешип, жоопторду ватманга жазып,презентациялашат.**

**1-топтун суроосу:**
- **Майрамда балдар кимди көрүштү?**
- **Ал ким экен?**
- **Ал курган үйлөр кандай экен?**
- **Эмне үчүн ал улуу куруучу?**

**2-топтун суроосу:**
- **Тигүүчүнүн колунда эмнелер бар экен?**
- **Эмне үчүн ал тиккен кийимдер адамдарды сулуу жана келишимдүү көрсөтөт?**
- **Эмне үчүн башкаруучу илимпозго окшош?**
- **Ал башкарган мезгилде эмнелер өнүккөн?**
- **Адилеттүү мыйзамдар дегенди кандай түшүнөсүңөр?**

**3-топтун суроосу:**
- **Балдар дагы кимди көрүштү?Ал эмне кылат экен?**
- **Аны эмне үчүн улуу уста деп аташты?**
- **Силер да ушундай деп ойлойсуңарбы?**
- **Эмне үчүн ар бир адамга өз кесиби ардактуу?**

**5. Эми “ Эң ардактуу  кесип”деген текстти пайдаланып таблицаны толтургула.**

| | | |
|---|---|---|
| **Бул адам** | **......** | **коноктордун бири айтты.** |
| **.....** | **катуу шамалга да,жер титирөөлөргө да** | **.........   .** |
| **.....** | **адамдарды** | **.........   .** |
| **.....** | **илимдер,соода-сатык,устачылык** | **өнүгүп жатат.** |
| **.....** | **.....** | **көрдүк .** |
| **.....** | **......** | **кубанышат,күн да жаркырап тие баштайт.** |
| **Алар** | **.......** | **жөнүндө айтып бердик.** |

**6. Азыркы учурда Кыргызстанда кайсы кесиптер эң керектүү? Эмне үчүн?**

**Кластер түздүрүү же  кеп үлгүлөрүн колдонуп өз ойлорун айттыруу.**

**Мисалы : Мен  ...деп ойлойм.**
**Биринчиден........**
**Экинчиден.........**
**Үчүнчүдөн.........**
**Демек,.............. .**

7. Жыйынтыктоо:

Балдар,бүгүнкү сабакта силер эмнелерди үйрөндүңөр?

- Кесипти билдирүүчү –чы мүчөсүнүн сөздөргө туура уланышын
- Кимге кандай кесип жагары тууралуу сүйлөштүңөр.
- “ Эң ардактуу кесип”деген текстти окуп,түшүнүп,суроолорго жооп бердиңер.
- Текст боюнча таблицаны толтурдуңар.
- “Кыргызстанга керектүү кесиптер “деген темада кластер түздүңөр.

Демек .балдар ,силер бүгүнкү сабактан кандай жыйынтык чыгардыңар?

Ар бир кесип ардактуу.ар бир кесип керектүү экен ээ?

Үй тапшырмасы:   61беттеги   14-көнүгүү

Ар бириңер өз алдыңарча келечекте кайсы кесипке ээ боло  турганыңар жөнүндө ата-энелериңер менен кеңешип,төмөнкү план боюнча айтып бергиле:

---Мен кайсы предметтерге кызыгам?

---Окуудан тышкары дагы эмнелерге кызыгам?

---Мендеги сапаттар кайсы кесипке ээ болууга жардам берет?

----Ата-энемдин мага берген кеңештери.





